**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОРБОРУ**

# *Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин педагогикалык практикаларын өткөрүү боюнча ЖОБО*

***Ош -2020***

# I. Жалпы Жоболор

1.1. Педагогикалык практика боюнча Жобо (мындан кийин-Жобо) Ош МУнун педагогикалык адистиктердеги студенттеринин практикасын уюштуруунун жана ишке ашыруунун жолдорун, формаларын, укуктарын, милдеттерин аныктайт.

1.2. Жобо КРнын “Билим берүү жөнүндөгү, “ Мугалимдин статусу жөнүндөгү” мыйзамдарынын, КРнын “ Эмгек Кодексинин ” (2014-ж.), КРнын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүчүлүк стандартынын (2015-ж.), Ош Мунун Уставынын, Ош МУнун 2019-2024-жылдары өнүктүрүү КОНЦЕПЦИЯСЫНЫН ( 2019-ж.), Ош МУнун бакалавр окуу формасындагы студенттердин педагогикалык практикасынын программасынын (2015-ж.), Ош МУнун №6, №22-бюллетендеринин негизинде иштелип чыкты.

1.3. Педагогикалык практика жогорку педагогикалык билим берүүнүн негизги билим берүүчүлүк программасынын бир бөлүгү катары эсептелинет. Практиканын максаты, милдеттери, көлөмү КРнын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында жана Ош МУнун бакалавр формасындагы студенттердин педагогикалык практикасынын программасында аныкталып көрсөтүлгөн.

1.4. Педагогикалык практика өлкөнүн түрдүү типтеги жалпы орто билим берүү жана спецификасына карата мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде өткөрүлөт.

1.5. Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизинде педагогикалык практиканын төмөндөгүдөй структурасы көрсөтүлгөн: адаптациялык-педагогикалык (3 кредит), кесиптик-базалык (9 кредит), кесиптик-профилдик (16 кредит), окуу-талаа, архивдик-музейдик, фольклордук,этнопедагогикалык,плэнер ж.б.

# II. Практиканын максаты, милдеттери жана мазмуну

Педагогикалык практика жогорку квалификациядагы мугалим адистерди даярдоо процессинде негизги орунду ээлейт. Компетенттүү адистерди даярдап чыгуу бүгүнкү күндө коом тарабынан жогорку окуу жайларынын алдына коюлган талаптардан болуп калды. Өзүнүн тандаган кесибин жан дүйнөсү менен сүйгөн, билимдүү жана практикалык ык, машыгууга ээ болгон адистер гана мезгилдин талаптарына жооп бере ала тургандыгын турмуш өзү көрсөтүп турат. Мына ушундай адистерди даярдап чыгууда педагогикалык практиканын ролуна, анын уюштурулушуна жана бийик деўгээлде өтүлүшүнө өкмөт, министрлик тарабынан көўүл бурулуп, урунтуу иштер жүргүзүлүп жатат.

2015-жылы КРда иштелип чыккан мамлекеттик билим берүү стандартында адистерди даярдоодо педагогикалык практикалардын ролуна өзгөчө басым жасалып, практиканын үч түрү окуу пландарына киргизилген. 2-курста адаптациялык - педагогикалык практика окуу планына 3 кредиттик б.а. 90 сааттык көлөмдө, 3-курста кесиптик-базалык (9кредит, б.а. 270 саат), 4-курста кесиптик- профилдик (16 кредиттик, 480 саат) практикалар пландаштырылган. Билим берүү стандартында кээ бир адистиктер боюнча өзгөчөлүгүнө жараша студенттин практикалык ык,машыгуусун калыптандыруу максатында практиканын түрлөрү пландаштрылышы көрсөтүлгөн. Мисалы, биология адистигине “ окуу-талаа” практикасынын киргизилиши белгиленген. Билим берүүнүн мамстандартына негиздеп окуу пландарына кесиптик-базалык,кесиптик-профилдик практикалардын сааттарынын эсебинен практиканын төмөндөгүдөй түрлөрү киргизилген:

- окуу талаа;
- химиядан окуу практикасы;
- географиядан комплекстүү окуу талаа практикасы;
- архивдик- музейлик;
- фольклордук;
- этнопедагогикалык;
- плэнер ж.б.

Педагогикалык коллеждин студенттери педагогикалык практикага экинчи жана \ч\нч\ курстарда чыгышат.

**Педагогикалык практиканын жалпы максаты**-болочок мугалимдин окуу жайында теориялык жактан алган кесиптик жана адистик билимдерин практикада бышыктоо жана анын кесиптик-педагогикалык багытын калыптандыруу. Программада жалпы максаттын негизинде практиканын бардык түрлөрүнүн спецификалык максаттары жана милдеттери көрсөтүлгөн.

**Педагогикалык практикалардын функциялары:**

Педагогикалык практика *адаптациялык, билим берүүчүлүк, тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк, диагностикалык функцияларды аткарат.*

***Адаптациялык функцияда*** – студент жалпы билим берүүчү мекеме менен гана таанышпастан, балдарга жана педагогикалык процесстин ритмине көнө баштайт, мектеп ичиндеги мамиле менен байланыштар системасын түшүнөт. Ал педагогикалык коллектив менен мамиле түзүп, педагогикалык иш-аракеттин кубанычы менен бардык кыйынчылыгына өз көзү менен күбө болот.

***Билим берүүчүлүк функцияда*** – негизи педагогикалык билим менен ыкмаларды иштеп чыгуу, идеялык элестетүүлөрдүн реалдуу системага багыт алууга жана болочок мугалимдин көз карашын педагогикалык аӳ-сезимге калыптандырган процесс жүрөт.

***Тарбиялоочу функцияда*** – эгерде студент өз ишин мыкты билген, кесибинин устаты болгон усулчунун, мектеп мугалиминин жетекчилиги астында иштей турган болсо анын ишини н сапаты, жыйынтыгы сыяктуу эле жекече инсандык мүнөз түптөлөт. Мектептеги жалпы атмосфера практика менен студенттерге болгон мамиле, практика жетекчилигинин стили, экинчи тараптан мектептин педагогикалык кадрлары чоӳ роль ойнойт.

***Өнүктүрүүчү функцияда*** – студент практиканын жүрүшүндө инсан катары дараметин өстүрөт. Ал жеке эле жашоо-турмуштук тажрыйба топтоо менен сергек жашоого багыт албастан, мугалим катары ой жүгүртүп, анын ишке болгон жоопкерчилиги да өсөт.

***Диагностикалык функцияда*** – студент практика учурунда балдар, окуучулар, устат, жетекчилик, ата-энелер менен маектешүүдөгү өзүнүн эмоционалдуу абалына баа бере алат. Чыныгы педагогикалык иш-аракеттин жүрүшүндө болочок педагог мугалимдик кесиптин маңыз-мазмуну менен таанышып, өзүнүн кесиптик дараметин аңдап биле алат.

## Адаптациялык-педагогикалык практика
## 2-курс

***Адаптациялык-педагогикалык практиканын максаты*** - болочок мугалимдерди кесиптик-практикалык жактан даярдоо жана алардын кесиптик - педагогикалык багытын калыптандыруу.

***Адаптациялык-педагогикалык практиканын милдеттери:***

- болочок мугалимди билим берүү системасынын жана билим берүү мекемелеринин окуу- тарбия процесси менен тааныштыруу;
- мектептен жана класстан тышкаркы тарбиялык иштердин уюштурулушу менен тааныштыруу;
- окуу-тарбия иштерин бийик деӳгээлде өткөрүү үчүн керек болгон кесиптик ык, машыгууларды калыптандыруу максатында студенттерди мектептеги түрдүү тарбиялык жана практикалык иш-аракеттерге катыштыруу;
- педагогика, психология предметтери боюнча теориялык алган билимдердин мектеп практикасында ишке ашырылышын окуп үйрөнүү;
- мектеп админстрациясынын, класс жетекчилердин функционалдык милдеттери менен таанышуу;
- өзүнүн тандап алган адистиги боюнча мектептерде өтүлүүчү предметтердин мазмуну, милдеттери, окутуу өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү;

- класс жетекчилердин тарбиялык иштеринин системасын окуп үйрөнүү жана тарбиялык сааттарды дублер катары өтүү;
- класс коллективин, андагы окуучулардын бири-бирине болгон мамилелерин, жекелик өзгөчөлүктөрүн, сабакка кызыгуусун, мугалимдерге болгон мамилелерин окуп үйрөнүү жана анализ берүү;
- ата-энелер менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөнүү;
- окуучулардын күндөлүктөрүн жана дептерлерин текшерүүгө катыөуу;
- алдыўкы педагогикалык тажрыйбалар менен таанышуу
- “Мугалимдин социалдык – педагогикалык портретин” жана окуучунун психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсүн түзүү боюнча кээ бир илимий изилдөөчүлүк иштерди жүргүзүү;
- кесиптик - өздүк өнүгүүнүн планын иштеп чыгуу(6,8);

## Адаптациялык-педагогикалык практиканын мазмуну:

| *Убактысы* | *Аткарылчу иштердин мазмуну* | *Ким аткарат* |
|---|---|---|
| **Практика башталганга чейин** | -Багыт берүүчү конференцияны өткөрүү жана адаптациялык-педагогикалык практиканын мазмуну, милдеттери менен тааныштыруу. | Факультеттин практика башчысы, деканат, кафедра башчысы Методисттер. |
| **1-күн** | -Мектептерге алып баруу; мектеп админстрациясы менен пикир алмашуу; алардын функционалдык милдеттери менен таанышуу.<br>-Класстарга бөлүштүрүү. | |
| **2-күн** | -Бөлүнгөн класстын документациясын окуп үйрөнүү: окуучулардын өздүк делолору, класстык журналы, күндөлүк ж.б.<br>-Окуучулардын социалдык абалына, жетишүүсүнө, тартибине анализ жасоо;<br>-Социалдык педагогдун ишинин мазмунун окуп үйрөнүү. | Методист, класс жетекчиси, Педагогика жана психология каф-нын методисттери, студент-практикант |
| **3-күн** | -Класс жетекчисинин иш пландарын окуп үйрөнүү, тарбиялык, жылдык пландардын түзүлүшүнө анализ жасоо;<br>-Класс жетекчисинин милдеттерин билүү;<br>-Окуучуга педагогикалык-психологиялык мүнөздөмө жазууну үйрөтүү; | Методист, класс жетекчиси.<br>-педагог,<br>-психолог. |
| **4-күн** | -Класстагы окулуучу предметтик сабактарга катышуу;<br>-Окуучулардын сабакка болгон мамилелерине педагогикалык-психологиялык анализ жасоо; | Студент-практикант Методист, студент-практкиант |
| **5-күн** | -Класстагы тарбиялык сааттардын өтүлүшүнө катышуу жана аны өтүүнүн методикасы менен таанышуу;<br>-Бир тарбиялык сааттын план-конспектисин даярдоо жана расписание боюнча өтүү; | Методист, класс жетекчиси.<br>Студент-практикант<br>-педагог. |

| | | |
|---|---|---|
| **6-күн** | -Мектептеги өтүлүүчү коомдук иштерге катышуу, жардам берүү. Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу органдарынын иштеринин мазмунун окуп үйрөнүү;<br>- | Студент-практикант<br>-педагог. |
| **7-күн** | -Мектептеги усулдук бирикмелердин иштеринин мазмунун окуп үйрөнүү;<br>-Инновациялык технологиялардын колдонулушуна анализ; | Методист |
| **8-күн** | -Класс жетекчисинин ата-энелер менен иш алып баруусунун өзгөчөлүктөрүн жана методикасын окуп үйрөнүү;<br>-Ата-энелер комитеттеринин иш планы, жасаган иштери менен таанышуу; | Класс жетекчиси, методист.<br>Студент-практикант |
| **9-күн** | -Мектептеги өзүнүн адистиги боюнча өтүлүүчү сабактарга катышуу, анын өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөнүү;<br>-Предметтик мугалимдер менен аўгемелешүү, өзүнүн тандап алган адистигине баа берүү; | Методист<br>Студент-практикант |
| **10-күн** | Мектептеги, класстагы тартиби начар, милицияда учетто турган окуучу балдар менен иштөөнүн методикасын окуп үйрөнүү;<br>-окуучулар арасындагы терс көрүнүштөр боюнча кандайча иш чаралар жүргүзүлүүдө, аларга анализ берүү; | Класс жетекчи, соцпедагог,<br>-педагог.<br>-психолог. |
| **11-күн** | -Мектепте жана мектептен сырткары өтүлүүчү маданий-спорттук иштердин жүрүшүнө анализ;<br>-Окуучулардын андай иш-чараларга болгон мамилелерине байкоо жүргүзүү;<br>-Планда көрсөтүлгөн иш чаралардын аткарылышына анализ; | Мектептин тарбия иштери боюнча жооптуу кызматкери. |
| **12-күн** | -Адаптациялык практиканын жыйынтыгы боюнча отчет жазуу. | Методист<br>Студент-практикант |

**ЭСКЕРТҮҮ:** практиканын мазмунундагы көрсөтүлгөн болжолдуу иш-чаралар мектептеги реалдуу шарттарга байланыштуу өзгөрүп, толукталып турушу мүмкүн.

**2.Адаптациялык-педагогикалык практиканын максаты жана күтүлүүчү натыйжалары**

**Максат 1.** Студенттерди мектептеги окуу-тарбия процесси, мектептен тышкаркы жана класстан тышкаркы тарбиялык иштердин уюштурулушу менен тааныштыруу, жалпы билим берүүчү мекемелерде тарбиялык иштерди жүргүзүү боюнча алгачкы практикалык көндүмдөрүнө ээ кылуу (Адаптациялык-п**едагогикалык практика**).

**ПРАКТИКАНЫН КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ:**

| № | Күтүлүүчү натыйжалар | Компетенциялардын мазмуну |
|---|---|---|
| ПКН1 | Окуучулардын билим берүү программмаларын өздөштүрүүсүнө байкоо салат, алардын ийгиликтерин жана кыйынчылыктарын анализдей алат. | -окутуунун заманбап, илимий жактан негизделген технологиялары аркылуу билим берүү процессин окуучулардын жетишкендиктерине, керектөөлөрүнө ылайык пландаштырууга жана ишке ашырууга жөндөмдүү (башкалардын жетекчилиги астында) (ЖК-2);<br>-изилдөөнүн планын иштеп чыгууга жана оңдоп-түзөөгө, жыйналган маалыматтарды анализдөөгө жана интерпретациялоого /башкалардын жетекчилиги менен/ жөндөмдүү, колдонмо (прикладдык) илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү жүргүзүүгө даяр (ЖК-4);<br>-кесиптик маселелерди чечүү үчүн психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктөрдү колдонууга даяр жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү (ПК-1);<br>-билим берүү процесси үчүн инсанга багыттап окутуунун принциптерине жана туруктуу өнүгүү үчүн (сергек жашоо образы, жаратылышты коргоо жана үнөмдүү пайдалануу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзив ж.б.) окутуунун принциптерине ылайык оптималдуу шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (ПК-3); |
| ПКН2 | Түрдүү предметтерди окуп үйрөнүү процессиндеги окуучулардын өзгөчөлүктөрүн диагностикалоонун инструментарийлерин өздөштүрүшөт. | -курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдердин бирдиктүү системасына ээ болот, адамдын жаратылыштагы, социумдагы ордун жана ролун, дүйнөнүн заманбап концепцияларын жана картинасын, көз караштар системасын түшүнөт, жашоодогу жана маданий баалуулуктарга багыт алууга жөндөмдүү (ЖК-1);<br>-математикалык/ табигый/ социалдык-гуманитардык илимдердин базалык жоболорун пайдалануу менен окуу жетишкендиктерин баалоого жана мониторинг жүргүзүүгө, билим берүүнүн натыйжаларын болжолдоого жөндөмдүү (башкалардын жетекчилиги менен) (ЖК-3);<br>-үйрөнүүчүлөрдү окутуу жана өнүктүрүү үчүн, ар түрдүү курактагы үйрөнүүчүлөрдө сергек жашоо образынын, жаратылышты коргоонун, энергияны сактоонун, жаратылышты үнөмдүү пайдалануунун жана климаттын өзгөрүшүнө адаптациялануунун көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн коопсуз (психологиялык, социалдык жана физикалык) билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жөндөмдүү (СЛК-3);<br>-методикалык көйгөйлөрдү чечүүнүн ыкмаларын (окутуунун моделдерин, методдорун, технологияларын |

| | | |
|---|---|---|
| | | жана жолдорун) билет жана окутуу сапатын баалоонун технологияларын колдонууга жөндөмдүү (ПК-2); |
| ПКН3 | Кесиптик милдеттерди чечүү үчүн коомчулук менен билим берүү мекемелеринин жана тарбия процессинин башка субьектилери менен продуктивдүү карым катнаш түзө алат. | -өзүнүн оозеки жана жазма кебин мамлекеттик жана расмий тилдерде логикалык жактан так, түшүнүктүү, аргументи менен түзүүгө жөндөмдүү (ИК- 2);<br>-педагогикалык процесстин бардык субъекттеринин личносттор аралык позитивдүү жана конструктивдүү мамилелерин уюштурууга катышууга жөндөмдүү, башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү (ИК-4);<br>-мектеп коомчулугунун деңгээлинде личносттор аралык жана кесиптик толеранттуу мамилелерди түзө алат (СЛК-1);<br>-жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде сүйлөшүүгө даяр жана активдүү жарандык позицияны ээлөөгө жөндөмдүү (СЛК-5); |
| ПКН9 | Методикалык, психолого-педагогикалык илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү көндүмдөрүн бекемдешет. | -изилдөөнүн планын иштеп чыгууга жана оңдоп-түзөөгө, жыйналган маалыматтарды анализдөөгө жана интерпретациялоого /башкалардын жетекчилиги менен/ жөндөмдүү, колдонмо (прикладдык) илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү жүргүзүүгө даяр (ЖК-4);<br>-маалыматты алуунун, сактоонун жана кайра иштеп чыгуунун негизги методдоруна, ыкмаларына жана каражаттарына, компьютер менен иштөө көндүмдөрүнө ээ (ИК-1);<br>-үйрөнүүчүлөрдү социалдаштыруунун ыкмаларын, жолдорун, методикасын жана техникасын билет, үйрөнүүчүлөрдүн кесиптик өзүн өзү аныктоосу үчүн шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (ПК-4);<br>-үйрөнүп жаткан тилдин адабияты, анын тарыхый өнүгүүсү жана учурдагы абалы жөнүндөгү билимдерге ээ болот (ПК-10);<br>-үйрөнүп жаткан тилде оозеки жана жазма кепти кабыл алуу, түшүнүү, ошондой эле көп аспектиден талдоо көндүмдөрүнө ээ болот (ПК-11); |

**Максаттар менен күтүлүүчү натыйжалардын байланыш схемасы**

| № | Максат – 1 |
|---|---|
| ПКН1 | + |
| ПКН2 | + |
| ПКН3 | + |
| ПКН4 | |
| ПКН5 | |
| ПКН6 | |
| ПКН7 | |

| | |
|---|---|
| ПКН8 | |
| ПКН9 | + |

**Компетенциялардын матрицасы**

| | | Адаптациялык-**п**едагогикалык практика |
|---|---|---|
| Универсалдык компетенциялар | ЖК-1 | + |
| | ЖК-2 | + |
| | ЖК-3 | + |
| | ЖК-4 | + |
| | ИК-1 | |
| | ИК-2 | + |
| | ИК-4 | + |
| | ИК-5 | |
| | ИК-6 | |
| | СЛК-1 | + |
| | СЛК-2 | |
| | СЛК-3 | + |
| | СЛК-4 | |
| | СЛК-5 | + |
| Кесиптик компетенциялар | ПК-1 | + |
| | ПК-2 | + |
| | ПК-3 | |
| | ПК-4 | |
| | ПК-5 | |
| | ПК-6 | |
| | ПК-7 | |
| | ПК-8 | |
| | ПК-9 | |
| | ПК-10 | |
| | ПК-11 | |
| | ПК-12 | |
| | ПК-13 | |
| | ПК-14 | |
| Комп.саны: | | 11 |

## Кесиптик - базалык педагогикалык практика

### *3-курс*

Билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизинде педагогикалык адистиктердин 3-курсунун студенттери кесиптик-базалык практикага чыгышат. Практиканын теориялык-методикалык базасы катары “Педагогика”,” Дидактика”, “Өнүгүүнүн психологиясы”, “Окутуунун методикасы” дисциплиналары эсептелинет.

Кесиптик-базалык практиканын негизги максаты-болочок мугалимдин өзүнүн адистиги боюнча окутуучулук функцияны толугу менен аткарууга жана билим берүү мекемесинде окуучулар менен окуу-тарбиялык иштердин системасын класс жетекчиси катары ишке ашырууга, университеттин окуу планынын психологиялык, педагогикалык, методикалык бөлүгүндөгү билимдерди системалаштырууга даярдоо. Бул практика педагогика, психология, методика предметтери боюнча алган билимдерди интеграцияланган топтоштуруу аркылуу тарбиялык жана окуу предмети боюнча окутуучулук кызматты аткарууда, теориядан практикага өтүүдө негизги ролду ойнойт.

## Кесиптик – базалык (педагогикалык) практиканын милдеттери:

1. Класстагы педагогикалык процессти окуп үйрөнүү;

а) окуу процесси бүтүндөй педагогикалык процесстин (БПП) составдык бөлүгү катары;

б) тарбиялык процесс БППтин составдын бөлүгү катары;

2. Педагогикалык процессти окуп үйрөтүүдө колдонулуучу психолого -диагностикалык методдордун комплекси менен куралдандыруу;
3. Класс жетекчисинин жана предметтик мугалимдин жардамчысы кызматынын функциясын аткаруу үчүн керек болгон кесиптик-педагогикалык компетенцияны калыптандыруу.
4. Кесиптик- личностук өзүн-өзү өнүктүрүүнүн программасын иштеп чыгуу.

Кесиптик-базалык практиканын мазмуну:

### 1. <u>Окуп үйрөтүү, өздөштүрүү:</u>

- мамлекет тарабынан иштелип чыккан нормативдик-укуктук жана мугалимдер түзгөн (“Билим берүү жөнүндө”, “Мугалимдин статусу жөнүндө” мыйзамдар, окуу пландары жана программалары, календардык, тематикалык жана предметтик мугалимдин сабактарынын пландары) документтерди;
- класстагы окуу жана тарбиялык иштерди уюштуруунун, ишке ашыруунун методикасын;
- мектептеги коомдук уюмдардын, кружоктордун, предметтик кабинеттердин иштеринин мазмуну, методдорун;
- окуу, тарбиялык жана сабактан сырткаркы иштерди, предметтик кечелерди өткөрүүнү;
- класс коллективин жана жеке окуучуну окуп үйрөнүүгө керек болгон билим, ыктарды, методиканы;
- класс жетекчисинин ишинин системасын;

- инновациялык технологиялардын, интерактивдүү методдордун, алдыӳкы педагогиканын тажрыйбаларынын маӳыз-мазмунун окуп үйрөтүү жана аларды БППте колдонууну;

## 2. Катышуу:

- предметтик мугалимдин өткөрө турган сабактарына дидактикалык материалдарды даярдоого;
- түрдүү типтеги сабактардын пландарын түзүүгө;
- сабак жана тарбиялык иштердин календардык-тематикалык пландарын түзүүгө;
- КТПда көрсөтүлгөн сабактардын түрдүү типтерин өткөрүүгө;
- Окуу предмети боюнча сабактан тышкаркы таанып билүүчүлүк иштерди өткөрүүгө;
- Класстык сааттарды даярдоого жана өткөрүүгө;
- Окуучуларга окуу материалдарын өздөштүрүүгө жардам берүүгө;

Педагогикалык практикага учурунда студент бөлүнгөн класстагы расписание боюнча сабактарды жана класстык сааттарды өтөт.

## 3. Ишке ашырат:

- сабакка жалпы-дидактикалык, психологиялык анализ берүүнү;
- окуучунун же класстын психологo - педагогикалык мүнөздөмөсүн түзүүнү;
- кесиптик өзүн-өзү тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн программасын реализациялоону;
- педагогика, психология, методикадан илимий рефераттарды, докладдарды, курстук иштерди аткаруу үчүн илимий-изилдөөчүлүк иштерди;

## 4. Педагогика, психология, методика боюнча илимий-изилдөөчүлүк иштерди, рефераттарды, докладдарды аткарат.

### Кесиптик-базалык педагогикалык практиканын максаты жана күтүлүүчү натыйжалары

**<u>Максат 2.</u>** Болочок мугалимдердин өзүнүн профили боюнча окутуучулук функцияны толугу менен аткарууга жана билим берүү мекемесинде окуучулар менен окуу-тарбиялык иштердин системасын класс жетекчиси катары ишке ашырууга о.э. психологиялык, педагогикалык, методикалык билимдерди системалаштырууга багыттоо (Кесиптик-базалык практика).

### ПРАКТИКАНЫН КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ:

| № | Күтүлүүчү натыйжалар | Компетенциялардын мазмуну |
|---|---|---|
| ПКН4 | Универсалдык компетенциялардын негизинде өзүн кесиптик жактан өркүндөтүү милдетин чечет (түрдүү маалымат булактары менен иштөө жөндөмдүктөрү, социалдык-укуктук нормаларды сактоо ж.б.). | -маалыматты алуунун, сактоонун жана кайра иштеп чыгуунун негизги методдоруна, ыкмаларына жана каражаттарына, компьютер менен иштөө көндүмдөрүнө ээ (ИК-1);<br>-билим берүү процессинде үйрөнүүчүлөрдүн ден соолугун жана өмүр коопсуздугун коргоо боюнча шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (ИК-6);<br><br>-көп маданияттуу коомдо мамилелерди жөнгө салуучу этикалык жана укуктук нормаларды сактоого жана үйрөнүүчүлөр үчүн алардын маданияттар аралык айырмачылыктарына карабастан бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө жөндөмдүү (СЛК-2);<br>-өз жетишкендиктерине жана кемчиликтерине сынчыл баа бере алат, кадыр-баркты өстүрүүнүн жана кемчиликтерди жоюунун каражаттарын |

| | | |
|---|---|---|
| | | тандай алат, жолдорун белгилей алат (СЛК-4); |
| ПКН5 | Билим берүү процессинин компоненттерин долборлоо көндүмдөрүн пайдалана алат. | -кесиптик маселелерди чечүү үчүн психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктөрдү колдонууга даяр жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү (ПК-1);<br>-үйрөнүүчүлөрдү социалдаштыруунун ыкмаларын, жолдорун, методикасын жана техникасын билет, үйрөнүүчүлөрдүн кесиптик өзүн өзү аныктоосу үчүн шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (ПК-4);<br>-программанын бөлүмдөрүнүн, темаларынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү (ПК-6);<br>-тексттердин ар кандай типтерин лингвистикалык (жана адабият таануучулук) көз караштан өз алдынча анализдөөгө жана интерпретациялоого жөндөмдүү (ПК-13); |
| ПКН6 | Мектеп окуучуларын окутуу жана тарбиялоо ишмердүүлүгүн пландоо жана уюштуруу көндүмдөрүн демонстрациялайт. | -методикалык көйгөйлөрдү чечүүнүн ыкмаларын (окутуунун моделдерин, методдорун, технологияларын жана жолдорун) билет жана окутуу сапатын баалоонун технологияларын колдонууга жөндөмдүү (ПК-2);<br>-*билим берүү процесси үчүн* инсанга багыттап окутуунун принциптерине жана туруктуу өнүгүү үчүн (сергек жашоо образы, жаратылышты коргоо жана үнөмдүү пайдалануу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзив ж.б.) окутуунун принциптерине ылайык *оптималдуу шарттарды түзүүгө* жөндөмдүү (ПК-3);<br>-окуучулардын түрдүү тармактардагы өнүгүү деңгээлин (акыл-эс жактан, социалдык, моралдык ж.б. жактан) диагностикалай алат жана буга жараша ар кандай терс таасирлерге (зомбулук, алкоголду жана наркотиктерди колдонуу ж.б.) жол бербөө үчүн профилактикалык иштерди жүргүзө алат (ПК-9);<br>-тексттердин ар кандай түрлөрүн жана типтерин түзүү, трансформациялоо, иштеп чыгуу, интерпретациялоо, анализдөө ыкмаларын жана методдорун колдонууга жөндөмдүү (ПК-12); |
| ПКН7 | Педагогикалык рефлекциядан кийин өз кесиптик ишмердигине сын көз караштан баа бере алат, анын негизинде өзүн өнүктүрүүгө жөндөмдүү. | -өз жетишкендиктерине жана кемчиликтерине сынчыл баа бере алат, кадыр-баркты өстүрүүнүн жана кемчиликтерди жоюунун каражаттарын тандай алат, жолдорун белгилей алат (СЛК-4);<br>-билим берүү программаларын өз алдынча тандай алат, аларга дидактикалык материалдарды таба алат жана аларды окуу процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде адаптациялагандан кийин пайдалана алат (ПК-5);<br>-окутуунун интерактивдүү методдорун жана формаларын колдонуу аркылуу педагогикалык ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө жөндөмдүү (ПК-8);<br>-үйрөнүп жаткан тилде тилдин социомаданий өзгөчөлүктөрүнө ылайык оозеки жана жазуу түрүндө пикир алышуунун стратегиясын түзө алат (ПК-14); |
| ПКН8 | Алдыўкы педагогикалык тажрыйбаларды анализдейт жана жалпылайт, аларды өз алдынча педагогикалык ишмердигинде пайдалана алат. | -математикалык/ табигый/ социалдык-гуманитардык илимдердин базалык жоболорун пайдалануу менен окуу жетишкендиктерин баалоого жана мониторинг жүргүзүүгө, билим берүүнүн натыйжаларын болжолдоого жөндөмдүү (башкалардын жетекчилиги менен) (ЖК-3);<br>-маалыматты кабыл алууга, жалпылоого жана анализдөөгө, максат коюуга жана ага жетүүнүн жолдорун тандоого жөндөмдүү (ЖК-5);<br>-программанын бөлүмдөрүнүн, темаларынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү (ПК-6);<br>-өткөрүлгөн профессионалдык рефлексиянын негизинде өз өнүгүүсү боюнча милдеттерди коё алат (ПК- 7);<br>-үйрөнүп жаткан тилде оозеки жана жазма кепти кабыл алуу, түшүнүү, ошондой эле көп аспектиден талдоо көндүмдөрүнө ээ болот (ПК-11); |

## Максаттар менен күтүлүүчү натыйжалардын байланыш схемасы

| № | Максат – 2 |
|---|---|
| ПКН1 | |
| ПКН2 | |
| ПКН3 | |
| ПКН4 | + |
| ПКН5 | + |
| ПКН6 | + |
| ПКН7 | + |
| ПКН8 | + |
| ПКН9 | |

## Компетенциялардын матрицасы

<table>
<tr><td colspan="2"></td><td>Кесиптик-базалык практика</td></tr>
<tr><td rowspan="15">Универсалдык компетенциялар</td><td>ЖК-1</td><td></td></tr>
<tr><td>ЖК-2</td><td></td></tr>
<tr><td>ЖК-3</td><td></td></tr>
<tr><td>ЖК-4</td><td></td></tr>
<tr><td>ИК-1</td><td>+</td></tr>
<tr><td>ИК-2</td><td></td></tr>
<tr><td>ИК-4</td><td></td></tr>
<tr><td>ИК-5</td><td></td></tr>
<tr><td>ИК-6</td><td>+</td></tr>
<tr><td>СЛК-1</td><td></td></tr>
<tr><td>СЛК-2</td><td>+</td></tr>
<tr><td>СЛК-3</td><td></td></tr>
<tr><td>СЛК-4</td><td>+</td></tr>
<tr><td>СЛК-5</td><td></td></tr>
<tr><td rowspan="14">Кесиптик компетенциялар</td><td>ПК-1</td><td>+</td></tr>
<tr><td>ПК-2</td><td>+</td></tr>
<tr><td>ПК-3</td><td>+</td></tr>
<tr><td>ПК-4</td><td>+</td></tr>
<tr><td>ПК-5</td><td></td></tr>
<tr><td>ПК-6</td><td>+</td></tr>
<tr><td>ПК-7</td><td>+</td></tr>
<tr><td>ПК-8</td><td></td></tr>
<tr><td>ПК-9</td><td>+</td></tr>
<tr><td>ПК-10</td><td></td></tr>
<tr><td>ПК-11</td><td></td></tr>
<tr><td>ПК-12</td><td>+</td></tr>
<tr><td>ПК-13</td><td>+</td></tr>
<tr><td>ПК-14</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2">Комп.саны:</td><td>13</td></tr>
</table>

***Кесиптик-профилдик (тереңдетилген педагогикалык) практика***

***4-курс***

Кесиптик-профилдик (педагогикалык) практика экинчи жана үчүнчү курстардагы практикалардын логикалык жыйынтыктоочу этабы катары эсептелинет. Практика студенттердин окуу жайында алган кесиптик жана адистик билимдерин жана адаптациялык-педагогикалык, кесиптик-базалык практикаларында өздөштүргөн теориялык, практикалык ык, машыгууларын бышыктоо үчүн багытталган. Практикада студент башталгыч жана жогорку класстарда мугалим катары окуу-тарбиялык иштерди жүргүзөт.

## Кесиптик-профилдик практиканын милдеттери

1. Класстагы педагогикалык процесстин деңгээлин, жүрүшүн баалоо.
2. Педагогикалык процесстин окуп үйрөнүүдө психологиялык-педагогикалык методикалардын комплексин колдонуу.
3. Кесиптик педагогикалык компетенцияларды предметтик мугалим жана класс жетекчисинин функцияларын аткаруу үчүн керек болгон билим, ык машыгууларды бышыктоо.
4. Кесиптик-инсандык жактан өзүн-өзү өнүктүрүүгө багытталган программанын планын ишке ашыруу.

## Кесиптик-профилдик (педагогикалык) практиканын мазмуну

### *1. Иштерди алып баруу:*

- окуу пландарын (окуу планы, окуу программасы, предметтик мугалимдин календардык, тематикалык жана сабактын планы) түзүү боюнча;
- сабактын план-конспектисин, класстык сааттын жана ата-энелер чогулушунун пландарын түзүү;
- предмети боюнча окуу кабинетинде (окутуунун техникалык каражаттары, таблицалар, көргөзмө куралдар, таркатуучу дидактикалык материалдар, интерактивдүү доскалар ж.б.) иш жүргүзүү;
- педагогикалык процессти түрдүү формаларда ( сабак, семинар, лабораториялык, практикалык сабактар, тегерек стол, экскурсия, факультативдик, кружоктор ж.б.) жүргүзүү;
- предмет боюнча класстан сырткаркы иштерди алып баруу;
- окуучулардын жекелик жана жаш курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу;
- класс жетекчисинин тарбиялык иштерин жүргүзүү;
- бүтүндөй педагогикалык процессинде билим берүүнүн заманбап технологияларын колдонуу;

### *2. Катышуу*

- предметтик мугалимдин өткөрө турган сабактарына дидактикалык материалдарды даярдоого;

- түрдүү типтеги сабактардын пландарын түзүүгө;
- сабак жана тарбиялык иштердин календардык-тематикалык пландарын түзүүгө;
- КТПда көрсөтүлгөн сабактардын түрдүү типтерин өткөрүүгө;
- Окуу предмети боюнча сабактан тышкаркы таанып билүүчүлүк иштерди өткөрүүгө;
- Класстык сааттарды даярдоого жана өткөрүүгө;
- Окуучуларга окуу материалдарын өздөштүрүүгө жардам берүүгө;

## *3. Ишке ашыруу*

- активдүү практикалык иш-аракеттерди (сабактар, класстык сааттар, тарбиялык иш-чаралар ж.б.).
- жалпы класска жана жеке окуучуга педагогикалык-психологиялык мүнөздөмөлөрдү жазууну.
- кесиптик өзүн-өзү тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн программасын реализацияноону.
- сабакка жана башка иш-чараларга анализ жүргүзүүнү;
- окуучулардын жетишүүсү, катышуусу жана мониторинг боюнча отчетторду түзүүнү.
-мектеп документациясы (журналдар, өздүк делолор, күндөлүктөр ж.б.) менен иштөөнү.

### 4. Педагогика, психология, методика боюнча илимий докладдарды, эксперименттерди аткаруу

**Кесиптик-профилдик педагогикалык практиканын максаты жана күтүлүүчү натыйжалары**

**Максат 3.** Студенттерде өздөштүрүлгөн универсалдык жана кесиптик компетенцияларды бышыктоо жана алардын билим берүү мекемесинде окуу-тарбия процессин өз алдынча жүзөгө ашыруусун камсыздоо, о.э. тандап алган багытына жана профилине ылайык илимий-изилдөө иштерин алып баруу билгичтиктерине ээ кылуу (Кесиптик-профилдик практика).

**ПРАКТИКАНЫН КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ:**

| № | Күтүлүүчү натыйжалар | Компетенциялардын мазмуну |
|---|---|---|
| ПКН5 | Билим берүү процессинин компоненттерин долборлоо көндүмдөрүн пайдалана алат. | -кесиптик маселелерди чечүү үчүн психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктөрдү колдонууга даяр жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү (ПК-1);<br>-үйрөнүүчүлөрдү социалдаштыруунун ыкмаларын, жолдорун, методикасын жана техникасын билет, үйрөнүүчүлөрдүн кесиптик өзүн өзү аныктоосу үчүн шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (ПК-4);<br>-программанын бөлүмдөрүнүн, темаларынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү (ПК-6);<br>-тексттердин ар кандай типтерин лингвистикалык (жана адабият таануучулук) көз караштан өз алдынча анализдөөгө жана интерпретациялоого жөндөмдүү (ПК-13); |
| ПКН6 | Мектеп окуучуларын окутуу жана тарбиялоо | -методикалык көйгөйлөрдү чечүүнүн ыкмаларын (окутуунун моделдерин, методдорун, технологияларын |

| | | |
|---|---|---|
| | ишмердүүлүгүн пландоо жана уюштуруу көндүмдөрүн демонстрациялайт. | жана жолдорун) билет жана окутуу сапатын баалоонун технологияларын колдонууга жөндөмдүү (ПК-2);<br>-*билим берүү процесси үчүн* инсанга багыттап окутуунун принциптерине жана туруктуу өнүгүү үчүн (сергек жашоо образы, жаратылышты коргоо жана үнөмдүү пайдалануу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзив ж.б.) окутуунун принциптерине ылайык *оптималдуу шарттарды түзүүгө* жөндөмдүү (ПК-3);<br>-окуучулардын түрдүү тармактардагы өнүгүү деңгээлин (акыл-эс жактан, социалдык, моралдык ж.б. жактан) диагностикалай алат жана буга жараша ар кандай терс таасирлерге (зомбулук, алкоголду жана наркотиктерди колдонуу ж.б.) жол бербөө үчүн профилактикалык иштерди жүргүзө алат (ПК-9);<br>-тексттердин ар кандай түрлөрүн жана типтерин түзүү, трансформациялоо, иштеп чыгуу, интерпретациялоо, анализдөө ыкмаларын жана методдорун колдонууга жөндөмдүү (ПК-12); |
| ПКН7 | Педагогикалык рефлекциядан кийин өз кесиптик ишмердигине сын көз караштан баа бере алат, анын негизинде өзүн өнүктүрүүгө жөндөмдүү. | -өз жетишкендиктерине жана кемчиликтерине сынчыл баа бере алат, кадыр-баркты өстүрүүнүн жана кемчиликтерди жоюунун каражаттарын тандай алат, жолдорун белгилей алат (СЛК-4);<br>-билим берүү программаларын өз алдынча тандай алат, аларга дидактикалык материалдарды таба алат жана аларды окуу процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде адаптациялагандан кийин пайдалана алат (ПК-5);<br>-окутуунун интерактивдүү методдорун жана формаларын колдонуу аркылуу педагогикалык ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө жөндөмдүү (ПК- 8);<br>-үйрөнүп жаткан тилде тилдин социомаданий өзгөчөлүктөрүнө ылайык оозеки жана жазуу түрүндө пикир алышуунун стратегиясын түзө алат (ПК-14); |
| ПКН8 | Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды анализдейт жана жалпылайт, аларды өз алдынча педагогикалык ишмердигинде пайдалана алат. | -математикалык/ табигый/ социалдык-гуманитардык илимдердин базалык жоболорун пайдалануу менен окуу жетишкендиктерин баалоого жана мониторинг жүргүзүүгө, билим берүүнүн натыйжаларын болжолдоого жөндөмдүү (башкалардын жетекчилиги менен) (ЖК-3);<br>-маалыматты кабыл алууга, жалпылоого жана анализдөөгө, максат коюуга жана ага жетүүнүн жолдорун тандоого жөндөмдүү (ЖК-5);<br>-программанын бөлүмдөрүнүн, темаларынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү (ПК-6);<br>-өткөрүлгөн профессионалдык рефлексиянын негизинде өз өнүгүүсү боюнча милдеттерди коё алат (ПК- 7);<br>-үйрөнүп жаткан тилде оозеки жана жазма кепти кабыл алуу, түшүнүү, ошондой эле көп аспектиден талдоо көндүмдөрүнө ээ болот (ПК-11); |
| ПКН9 | Методикалык, | -изилдөөнүн планын иштеп чыгууга жана оңдоп-түзөөгө, |

| | | |
|---|---|---|
| | психолого-педагогикалык илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү көндүмдөрүн бекемдешет. | жыйналган маалыматтарды анализдөөгө жана интерпретациялоого /башкалардын жетекчилиги менен/ жөндөмдүү, колдонмо (прикладдык) илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү жүргүзүүгө даяр (ЖК-4);<br>-маалыматты алуунун, сактоонун жана кайра иштеп чыгуунун негизги методдоруна, ыкмаларына жана каражаттарына, компьютер менен иштөө көндүмдөрүнө ээ (ИК-1);<br>-үйрөнүүчүлөрдү социалдаштыруунун ыкмаларын, жолдорун, методикасын жана техникасын билет, үйрөнүүчүлөрдүн кесиптик өзүн өзү аныктоосу үчүн шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (ПК-4);<br>-үйрөнүп жаткан тилдин адабияты, анын тарыхый өнүгүүсү жана учурдагы абалы жөнүндөгү билимдерге ээ болот (ПК-10);<br>-үйрөнүп жаткан тилде оозеки жана жазма кепти кабыл алуу, түшүнүү, ошондой эле көп аспектиден талдоо көндүмдөрүнө ээ болот (ПК-11); |

**Максаттар менен күтүлүүчү натыйжалардын байланыш схемасы**

| № | Максат – 3 |
|---|---|
| ПКН1 | |
| ПКН2 | |
| ПКН3 | |
| ПКН4 | |
| ПКН5 | + |
| ПКН6 | + |
| ПКН7 | + |
| ПКН8 | + |
| ПКН9 | + |

**Компетенциялардын матрицасы**

| | | Кесиптик-профилдик практика |
|---|---|---|
| Универсалдык компетенциялар | ЖК-1 | |
| | ЖК-2 | |
| | ЖК-3 | |
| | ЖК-4 | + |
| | ИК-1 | + |
| | ИК-2 | |
| | ИК-4 | |
| | ИК-5 | + |
| | ИК-6 | |
| | СЛК-1 | |
| | СЛК-2 | |
| | СЛК-3 | |
| | СЛК-4 | + |

| | | |
|---|---|---|
| | СЛК-5 | |
| Кесиптик компетенциялар | ПК-1 | |
| | ПК-2 | |
| | ПК-3 | |
| | ПК-4 | + |
| | ПК-5 | + |
| | ПК-6 | + |
| | ПК-7 | + |
| | ПК-8 | + |
| | ПК-9 | |
| | ПК-10 | + |

**Педагогикалык практиканын жыйынтыгын баалоонун негизги критерийлери:**

- практиканын программасындагы иш чаралардын аткарылыш деўгээли;
- студенттин кесиптик –педагогикалык ык, машыгууларынын калыптаныш деўгээли;
- өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүн, анын максатын, милдеттерин, мазмунун жана методдордун ишке ашышын теориялык жана практикалык түшүнүүсүнүн, .колдонулуусунун деўгээли;
- болочок мугалимдин кесиптик багытынын, мугалимдикке кызыгуусунун, активдүүлүгүнүн, чыгармачылыгынын, окуучуларга болгон мамилесинин деўгээли;
- жалпы жана кесиптик маданиятынын калыптанышы;
- методисттердин, мектеп жетекчилигинин, мугалимдердин тапшырмаларын өз убагында аткаруу деўгээли;
- практикага катышуу деўгээли;

“5” А(87-100) – студент практикага толугу менен катышса, практиканын мазмунундагы көрсөтүлгөн уюштуруучулук, окуу-тарбиялык иш-чараларды толугу менен жогорку деўгээлде аткарса, окуу-тарбиялык маселелерди, кырдаалдарды педагогикалык, психологиялык методикалык илимдердин негизинде чече алса, чыгармачылыкты, демилгечиликти көрсөтсө, предметтик сабактарды, класстык сааттарды бийик деўгээлде өтө алса, педагогикалык этиканы, мамилени сактай билсе, мектеп жетекчилигинин, предметтик мугалимдин жана класс жетекчисинин тапшырмаларын өз убагында татыктуу аткарса, мектептин ички тартибин бузбаса, практика боюнча модулдук суроолорго жогорку деўгээлде жооп берсе, практиканын документтерин толугу менен өз убагында тапшырса.

“4”В+ (80-86) – студент практиканы жүйөлүү себептер менен кээ бир күндөрү калтырса, программанын мазмунундагы иш-чараларды аткарса, окуу-тарбиялык маселелерди, кырдаалдарды педагогикалык, психологиялык методикалык илимдеринин негизинде чече алса, предметтик сабактарды, класстык сааттарды  өтө алса, педагогикалык этиканы, мамилени бузбаса, мектеп жетекчилигинин, предметтик мугалимдин, класс жетекчисинин тапшырмаларын аткарса, мектептин ички тартибин негизинен  бузбаса, практика боюнча модулдук суроолорго жооп берсе, практиканын документтерин тапшырса.

“4” С (74-79) – студент жүйөлүү себептер менен кээ бир күндөрү практикага катышпаса, программанын мазмунундагы иш-чараларды негизинен аткарса, предметтик сабактарды, класстык сааттарды  өтө алса, мектептин ички тартибин бузбаса, мектеп жетекчилигинин жана класс жетекчисинин тапшырмаларын толугу менен аткара албай

калса. Практиканын документтерин өз убагында тапшырса, бирок кээ бир кемчилдиктер кетирилсе. Модулдук суроолорго жооп берүүдө катачылыктар болсо.

“3”D (61-73) - студент практикага кээ бир күндөрдү жүйөөсүз себептер менен катышпаса, программанын мазмунундагы иш-чараларды толугу менен аткарбаса, предметтик сабактарды, класстык сааттарды өтө албаса, мектепке кечигип келсе, же өз убагынан эрте кетип калуу көрүнүшү болсо, мектептин ички тартибине толук жооп бере албаса, педагогикалык мамилени толугу менен сактабаса, практиканын документтерин убагында тапшырбаса жана талапка ылайык толтурбаса.

“3”E (61-67) – студент практикага кээ бир күндөрү катышпаса, мектепке кечигип келүү көрүнүштөрү кайталанса, предметтик сабактарды, класстык сааттарды, класс жетекчилик милдеттерди кыйынчылык менен аткарса, мектептин ички тартибине толук жооп бере албаса, педагогикалык этика, такты сактабаса, окуучулар менен мамиле түзө албаса, мектеп жетекчилигинин, класс жетекчисинин тапшырмаларын убагында аткарбаса, практиканын документтерин кечиктирип тапшырса, модулдук тапшырмаларды көпчүлүгүн аткарбаса.

“2” FX (31-60) – практикага жүйөөсүз себептер менен көпчүлүк күндөрү катышпаса, программадагы иш-чараларды аткарбаса, предметтик сабактарды, класстык сааттарды, класс жетекчилик милдеттерди талапка ылайык аткара албаса, мектептин ички тартибине баш ийбесе, педагогикалык этиканы сактабаса, мектеп жетекчилигинин, предметтик мугалимдин, класс жетекчисинин тапшырмаларын аткарбаса, документтерди тапшырбаса.

“2”F (0-30) – студент практикага жүйөөсүз себептер менен катыша албай калса, программалык иш-чаралар толугу менен аткарылбаса, мектеп администрациясы, класс жетекчиси мүнөздөмө бербесе жана практиканы өтпөдү деп белгилесе, методисттин талаптарын, модулдук тапшырмалар аткарылбаса.

Практикадан четтетилген жана “канааттандыраарлык эмес” баа алган студент ошол семестрдеги окуу планын аткарбаган катары эсептелинет. Эгерде студент жүйөлүү себептер менен практиканы өтө албай калса, ал сабактан сырткаркы мезгилде (ошол сессиянын ичинде) практиканы деканаттын сунушу жана педагогикалык билим берүүнү өркүндөтүү борборунун макулдугу менен ректордун буйругунун негизинде узартып өтө алат. (7, 6-бет)

Эгерде студент жүйөлүү себептер менен практиканын кайсыл бир бөлүгүн аткара албай калса, кафедранын чечими, деканаттын макулдугу жана ПББӨБнун уруксаты менен өтүлбөй калган мөөнөткө буйруктагы мектепке жөнөтүлөт.

Практиканы баалоо критерийи 100 балдык система менен жүргүзүлүп, баа модулдук-рейтингдик системанын жобосуна ылайык(№18 бюллетень, 13-бет) төмөнкү шкала боюнча коюулат:

| **Рейтинг (балл)** | **Тамгалык система боюнча баа** | **GPA боюнча баалоонун цифралык эквиваленти** | **Традициялык система боюнча баа** |
|---|---|---|---|
| 85 – 100 | A | 4,0 | Эў жакшы |
| 76 – 84 | B | 3,33 | Жакшы |
| 68 – 75 | C | 3,0 | |
| 59 -67 | Д | 2,33 | Канааттандыраарлык |
| 51 – 58 | E | 2,0 | |
| 31-50 | FX | 0 | Канааттандыраарлык эмес |
| 0 - 30 | F | 0 | |

**Практикага коюлуучу баалар төмөндөтүлүшү мүмкүн, эгерде:**

- практика мезгилинде студент тартипти бузса ( сабакты үзгүлтүккө учуратса, методистке консультацияга келбесе, сабактын жана тарбиялык иштин конспектисин методистке күн мурунтан көрсөтпөсө, мектептин ички тартибин бузса);
- студент-практиканттын сырткы келбети, көрүнүшү, кийиниши окуу жайынын статусуна мектептин ички талаптарына туура келбесе;
- студент тарабынан жүрүш-туруштун этикалык нормалары бузулса;
- практика боюнча тийиштүү документацияны өз убагында методистке тапшырбаса;

## III. Практиканын уюштурулушу жана ишке ашырылышы боюнча тийиштүү структуралардын, методисттердин, студенттердин, мектептердин милдеттери жана укуктары

Практикага жалпы жетекчилик Ош МУнун педагогикалык билим берүүнү өркүндөтүү борбору тарабынан жүргүзүлөт.

### *Анын негизги милдеттери:*

- университет боюнча практикалардын уюштурулушун, өз убагында өтүлүшүн жана жыйынтыгын эсепке алууну камсыз кылат;
- райондордун, шаардын билим берүү жетекчилиги менен педпрактиканы өткөрүү боюнча келишимдерди түзөт;
- деканаттарга, ректоратка, Окумуштуулар кеңешине практиканын маселелери боюнча сунуштарды киргизет;
- окуу жайындагы жана базалык мекемелердеги практикага тиешелүү кызматчылар менен практиканын сапаттуу өтүшү боюнча конкреттүү иш алып барат жана алардын ишине түздөн-түз жетекчилик кылат;
- практика үчүн мектеп жетекчилигине жана мугалимдерине акча каражатын төлөп берүү ведомосту үчүн тийешелүү сааттарды толтурат;
- студенттердин отчеттук документацияларынын сапатын, жыйынтык баалардын обьективдүү коюлушун, деканаттагы иш кагаздарынын өз убагында жана туура толтурулушун көзөмөлдөйт;
- окуу планынын графигине ылайык студенттерди практикага жөнөтүү буйругунун алдын ала чыгарылышын камсыз кылат жана методистердин окуу жүктөмдөрүн аткарышын, студенттердин практикадан өтүүсүн көзөмөлдөйт;
- ар бир семестрдин, окуу жылынын аягында факультеттик жетекчилердин отчетун алат жана аларды жалпылап, конкреттүү сунуштары менен университеттин окуу иштери боюнча проректоруна отчет берет. Практиканы аткарбаган студенттер жөнүндө маалыматтарды берет.
- студенттердин социалдык-укуктук шарттарын коргойт;

### *Деканаттын милдеттери:*

- факультеттеги практикаларды пландаштырууну, уюштурууну жана жыйынтыгын учетко алууну камсыз кылат;
- факультет боюнча практика графигин түзөт;
- факультеттик кеңеште бүтүрүүчү кафедралардын практика боюнча ишин карап, отчетун угат жана конкреттүү чечимдерди кабыл алат;

- практикага жөнөтүү тизмесин тактайт; убагында өтпөй калган же кечиккен студенттердин практикаларынын өтүшүн ПББӨ борборунун макулдугу менен тескейт; практика боюнча карыздарды башка предметтер сыяктуу жоюуга уруксат берилбейт;
- студенттерге санитардык, техникалык коопсуздук эрежелерди сактоо боюнча тиешелүү билим, ык, машыгууларды берет;
- «Даярдык конференциясын», «Жыйынтык конференциясын» өтүлүшүн көзөмөлдөйт.

### *Факультеттин практика боюнча жетекчисинин милдеттери:*

- факультет боюнча практикаларды пландаштырууну, өткөрүүнү жана жыйынтыктоону камсыз кылат; жалпы факультеттик план-график түзөт жана анын аткарылышын көзөмөлдөйт;
- кафедралардын практика боюнча иштерин координациялайт; практика боюнча жумушчу программаларды жана жекече тапшырмаларды анализдейт жана бекитет;
- окуу-методикалык семинар, конференцияларды уюштурат; практикалардын жүрүшүн көзөмөлдөйт, жыйынтыгын анализдейт жана группа жетекчилери тарабынан программанын мамлекеттик стандарттын талабына ылайык аткарылышын системалуу түрдө текшерет;
- студенттердин отчеттун алуу боюнча комиссиянын ишин жана отчеттук документациялардын туура, өз убагында тапшырылышын көзөмөлдөйт жана практиканын тийиштүү документацияларын номенклатурада көрсөтүлгөн мөөнөттө сактайт;
- мезгил-мезгили менен базалык мекемелерде практиканын сапаттуу жүрүшүн текшерет, кемчиликтер боюнча тиешелүү чараларды көрөт;
- семестрдин аягында конкреттүү сунуштар менен ПББӨ борборуна отчет тапшырат.
  -практиканын обьективдүү бааланышын көзөмөлдөйт

### *Бүтүрүүчү методикалык кафедралардын милдеттери:*

Студенттердин практикасына окуу-методикалык жана уюштуруу боюнча жетекчилик түздөн-түз тиешелүү бүтүрүүчү кафедра тарабынан жүргүзүлөт. Ал кафедра мамлекеттик стандарттын, квалификациялык талаптардын жана практика боюнча жумушчу программалардын аткарылышын камсыз кылат;

### *Ошондой эле:*

- практиканын ар бир түрү боюнча программаларды, жумушчу программаларды, силлабусттарды, модулдук тапшырмаларды, СОИнин тапшырмаларын иштеп чыгат жана кафедранын кеңешинде бекитет да факультеттик кеңешке сунуш кылат;
- группа жетекчилеринин иш аракеттерин көзөмөлдөйт жана керектүү учурда тиешелүү чара көрөт;
- методисттердин практика боюнча окуу жүктөмдөрүнүн аткарылышына кафедра башчысы жооп берет;
- практикага жөнөтөөр алдындагы жана жыйынтык конференцияга катышат, практика аралык семинар өтөт;

- практиканын жыйынтыгын кафедранын кеңешинде талкуулайт жана анын сапатын жогорулатуу багытында иш чараларын кабыл алат;
- студенттердин отчеттук документацияларынын сапатын, отчет алуучу комиссиянын ишин текшерет жана керек учурда тиешелүү сунуштарды берет;

***Группалык жетекчинин милдеттери:***

- Группанын студенттеринин практикасына түздөн-түз жетекчилик кылуу үчүн кафедранын адистиги туура келген тажрыйбалуу мугалимдерден группалык жетекчи бекитилет. Ага окуу планы боюнча практикага бөлүнгөн саттар бекитилип берилет:

***Алардын негизги милдеттери:***

- практикага жөнөтүү жана жайгаштырууга байланыштуу болгон бардык уюштуруу иштерин камсыз кылат;
- практиканын программасынын толук аткарылышына, мөөнөтүнүн сакталышына, студенттердин эмгек тартибине жана алардын иш кагаздарынын сапатына жооп берет;
- студент-практиканттардын календардык-тематикалык планын бекитет жана алардын аткарылышын көзөмөлдөйт;
- жума сайын студенттин күндөлүгүнүн толтурулуп жаткандыгын текшерет;
- практиканын сапаттуу өткөрүлүшү жөнүндө сунуштар берет; методикалык көрсөтмөлөрдү даярдайт;
- студент-практиканттын сабактарына катышат жана анализ берет;
- модулдук-рейтингдик баалоону ишке ашырат, практиканын жыйынтыгы боюнча студенттин ишин педагог, психологдор менен бирдикте баалайт;

***Мектеп админстрациясы:***

- студенттердин практикасы үчүн зарыл шарттарды түзүп берет, мекеме коллективи менен тиешелүү иш алып барат;
- студенттерге китепкана, окуу кабинеттери, ар түрдүү жабдууларын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет; мектептеги административдик жана коомдук чогулуш-кеңешмелерге катышууга уруксат берет;
- студенттерди мекеме, анын структурасы, иш пландары, уставы, педагогикалык коллективи ж.б. менен тааныштырат;
- студент тарабынан өтүлгөн сабактарга, класстан тышкаркы иштерге убак-убагы менен катышат, талдайт жана иш кагаздарын текшерет;
- студенттердин эмгек тартибине көз салат;
- студент-практиканттын мүнөздөмөсүн бекитет;

***Класс жетекчиси:***

- студентти бекитилген класстын жетишүүсү, жүрүш-туруштары, тарбиялык пландагы негизги максаттар, ата-энелер менен иштөө багыттары ж.б. менен тааныштырат;
- айрым окуучуларды байкоо жана аларга психолого-педагогикалык мүнөздөмө жазуу иштерине жетекчилик кылат;
- студент тарабынан өткөрүлүүчү бардык тарбиялык иштерге катышат, талдайт жана баалайт;

- студенттин отчеттун текшерет, мүнөздөмөсүнө кол коет;

### *Педагогика кафедрасынын окутуучусунун милдеттери:*

Окуу жайынан бекитилген педагог мугалим:

- класс жетекчиси жана тарбия завучу менен биргеликте студенттин тарбиялык иштери боюнча аракетин пландаштырат, алардын тарбиялык пландарын бекитет жана тапшырмалар боюнча кеңештерин берет;
- адаптациялык-педагогикалык практиканын программасында көрсөтүлгөн иш-чаралардын аткарылышына студенттерге методикалык жардам көрсөтөт;
- студенттерге сабактын тарбиялык максаттын конкретүү коюуну, класс жетекчинин ишинин перспективасын иштеп чыгуу жана пландаштырууну, окуучулардын жекече жана жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарбиялоо методдорунун системасын, психологиялык таасир этүүнүн ыкмаларын эффективдүү пайдаланууну, ата-энелер менен иштөөнү ж.б. үйрөтөт;
- Класс жетекчисинин ата-энелер менен иш алып баруусунун өзгөчөлүктөрүн жана методикасын үйрөтөт;
- студенттердин күндөлүктөрүн такай текшерип турат;
- студенттердин отчетун угуу боюнча комиссиянын ишине, жыйынтыктоочу конференцияга катышат жана практиканын сапатын жогорулатуу боюнча конкреттүү сунушун берет;

### *Психология кафедрасынын окутуучусунун милдеттери:*

- айрым окуучуларды жана класс коллективин психолого-педагогикалык изилдөө үчүн дифференциялдык тапшырмаларды иштеп чыгат; инсандарды үйрөнүү багытында консультацияларын берет; окуучуларга жана коллективге мүнөздөмө жазууну үйрөтөт;
- мектептеги, класстагы тартиби начар, милицияда учетто турган окуучу балдар менен иштөөнүн методикасын окуп үйрөтөт;
- студенттердин отчеттук документтерин текшерүүгө, жыйынтыктоочу конференциясынын ишине катышат;
  педагог мугалим менен бирдикте студенттердин практикасын жакшыртуу багытында конкреттүү сунуштарын берет.

### *Практиканттын милдеттери:*

- практиканын программасында көрсөтүлгөн жана кафедра тарабынан берилген тапшырмаларды өз убагында толугу менен аткаруу;
- системалык түрдө педагогикалык практиканын күндөлүгүн толтуруу ишин алып баруу, анын негизинде практика бүткөндөн кийин отчет даярдоо; студент практика мезгилинде аткарган жумушу жана анын сапаты боюнча мектептин мугалими сыяктуу эле жооп берүү;
- практика учурунда мектепте күн сайын 6 саат болуп, өзүнө тиешелүүиштерди аткаруу; мектеп жетекчисинин көрсөтмөлөрүн аткаруу, мектептин ички тартибине баш ийүү;
- практика аягында тиешелүү иш кагаздарын даярдап, атайын түзүлгөн комиссиянын алдында отчет берүү; комиссиянын курамына практика жетекчиси, деканаттын өкүлү жана адистиги туура келген кафедранын мугалими кирет;
- санитардык, техникалык, коопсуздук эрежелерди окуп үйрөнүүгө жана аларды сактоого;

- практика аягында 10 күн ичинде группа жетекчисине тиешелүү отчеттук документацияларды тапшыруу;

***Укуктары:***

- Практика мезгилинде пайда болгон бардык суроолор боюнча ректоратка, деканатка, практика жетекчилерине жана мектеп администрациясына кайрылууга;
- мектептеги окуу-усулдук каражаттарды практика учурунда максатка ылайык колдонууга;
- тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышууга;
- окутуунун жана тарбиялоонун усул-ыкмаларын эркин тандоого жана колдонууга;
- усулчу окутуучулардын, предмет боюнча мугалимдерден зарыл болгон усулдук жардамдарды алууга;
- өзүнүн демилгеси менен окуучулардын арасында окуткан предмети же тарбия маселелери боюнча иш чараларды өткөрүүгө;
- эгерде студент жүйөлүү себептер менен практиканы өтө албай калса, ал сабактан сырткаркы мезгилде (ошол сессиянын ичинде) практиканы окуу жайдын буйругунун негизинде узартып өтө алууга.
- Студент практиканы окуу жайдын буйругунда көрсөтүлгөн мектепте өтөт. Башка мектепке ректордун буйругунун негизинде гана которула алат. Өз алдынча башка мектепте практиканы өтүүгө уруксат берилбейт.

**Дистанттык технологияларды (санариптик технологиялар *колдонуу*) колдонуу менен практиканы уюштуруу жана аралыктан көзөмөлдөө (окутуунун күндүзгү жана дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окуу формаларында )**
**Практиканы өтүүгө уруксат берилет, эгерде:**

**1.** Региондордон максаттуу квота менен кабыл алынган студентке окууга жөнөткөн кызыктар тараптын (стейхолдер) практкикага жөнөтүү боюнча өтүнүч каты болсо:

2. Кайсы бир мектепте профилдик мугалим жетишпей, мектеп жетекчилиги тарабынан окуу жайга өтүнүч кат келсе;
3. Турмуш шарты туура келбесе (жаңы турмуш курса, ата- эненин жардамга муктаждыгы ж.б.) жана ден-соолугунун айынан (тийиштүү аныктамалардын негизинде) практиканы айылда өтөөгө муктаждык болсо;
4. Студент кайсы бир мектепте иштеп жатса (эмгек китепчесинин көчүрмөсү же мектеп жетекчилигинин маалым каты менен тастыкталган болсо)
5. Мобилдүүлүк программасы менен келген студенттин өз жеринен практиканы өтүүгө сураначы болсо.

**Практикага жөнөтүүнүн <u>шарттары:</u>**
1. Методистердин жана студенттин айыл жерине санариптик технологиялар аркылуу практиканы өтүүгө жана жөнөтүүгө макулдуктарынын болушу

2. Практика жетекчилери (методист, педагог, психолог) жана практиканттын үзгүлтүксүз байланышын камсыздоо үчүн AVN же Whatsapp, Messenger байланыш түйүндөрү аркылуу группа түзүлүүсү. Санариптик технологияны методистердин жана студенттин өздөштүрүүсү.
3. AVN аркылуу же электрондук даректер аркылуу кат алышып, методистердин практикант-студентке берилүүчү тапшырмалар пакетин (ТП) жөнөтүп туруусу;

4. Практикант-студенттин өзүнүн күнүмдүк иш аракетин фото- отчеттор аркылуу мектеп өкүлдөрүнүн ( завуч, предметтик мугалим, класс жетекчиси) катышуусу менен методистерге жөнөтүп туруусу.

5. Практикага жөнөтүүнү суранган билим берүү мекемесинин өтүнүч катында мектептин жоопкерчилигинин көрсөтүлүшү

7. Студенттин адистик боюнча методист үчүн бир нече сабактын (бөлүнгөн саатына жараша), ал эми педагог үчүн бир тарбиялык сабактын же иш чаранын видеотасмасын жөнөтүүсү.

8. Психолог- усулдук жетекчисинин практиканттын бир окуучуга (3- курс) жана окуучулардын класс коллективине ( 4-курс) психологиялык-педагогикалык мүнөздөмө жазышына методикалык жардам берүүсү

9. Практиканын жыйынтыгында методистер жана студент өз отчетторун флешкартага же дискке сактап керектүү мезгилде окуу жүктөмүнүн аткарылганын далилдеп бере алышы.

10. Практикага жөнөтүлүп жаткан студенттин жана ага бөлүнгөн методистердин макулдук баракчаны толтурушу.

**Эскертүү:** Методисттер практика үчүн бөлүнгөн окуу жүктөмүн фото отчеттор, кат алышуулар, видеотасмалар ж.б. аркылуу далилдеп бере алышы зарыл. Студенттин 1 сабагы методист үчүн 3 саатка эсептелинет (1 саат консультация, 1 саат видеодогу сабакты көрүү, 1 саат талкуулоо). Ушундай шарттар аткарылганда гана методистин окуу жүктөмү толук сакталат. Санариптик технологиялар аркылуу практиканы өтүүгө бүтүрүүчү курстардын студенттерине гана уруксат берилет.

.

## ***Студент-практиканттын отчеттуулугу.***

Практиканын аягында студент төмөнкү отчеттук документацияларды тапшырат:

| № | **Практиканын түрлөрү / Документтин аталышы** | **Адап.пед. (2-курс)** | **Кесип.базалык (3-курс)** | **Кесип.профил. (4-курс)** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Студенттин практика боюнча жеке күндөлүгү | + | + | + |
| 2 | Студенттин практика мезгилиндеги иши боюнча мүнөздөмө (отзыв) | + | + | + |
| 3 | Группа жетекчиси тарабынан бекитилген студенттердин отчету. | + | + | + |
| 4 | Окуучуга психолого-педагогикалык мүнөздөмө (3-курс) | - | + | - |
| 5 | Класстын окуучулар жамаатына психологиялык-педагогикалык мүнөздөмө (4-курс)<br><br>Санариптик технологиялар аркылуу практиканы өткөн студенттер(фото отчеттор, кат алышуулар, видеотасмалар) | - | - | + |
| 6 | Мектептин педагогикалык кеңешинин протоколунан көчүрмө | - | + | + |

Жогоруда көрсөтүлгөн документтер студенттин практика боюнча күндөлүгүнүн ичинде камтылат. Практика аяктагандан кийин 10 күндүн ичинде бардык керектүү документтерди группанын жетекчисине тапшырат. Бул документтердин негизинде мектептин берген мүнөздөмөсүнө жана педагогикалык кеңештин чечимине таянып , педагогика жана психология кафедраларынан бөлүнгөн окутуучулардын жыйынтыгын эске алып, групанын жетекчиси студентке баа коет.

**Дистанттык технологиялард колдонуу менен сырттан окуу бөлүмүнүн студенттеринин практикасы.**

Сырттан окуган студенттердин практикалары да күндүзгү окуу бөлүмүндө окугандардын окуу пландары жана программалары менен өтүлөт.

Жободогу практикалардын максаттары, милдеттери жана мазмуну, аларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн негизги көрсөтмөлөрү, жетекчилер менен студенттердин милдеттери, укуктары, баалоо критерийлери сырттан окуу формасына толугу менен тиешелүү.

Өз адистиги боюнча иштеген студенттер практикасын өзү иштеген билим берүү мекемелеринде жекече өтүшөт. Алар группа жетекчисине иштеген жеринен эмгек китепчесинен көчүрмө, 1 сабактын план-конспектисин же сабактын видеотасмасын жана мүнөздөмө тапшырышат жана алардын негизинде практикасы бааланат. Адистиги боюнча иштебеген студенттер күндүзгү бөлүмдөгүдөй жалпы негизде практиканы өтүшөт. Алардын практикасы жогоруда аталган документтердин негизинде группа жетекчиси тарабынан учетко алынат.

## IV. Практикалык материалдын камсыздалышы

- студенттердин практикасынын чыгымдары практика үчүн бөлүнгөн бюджеттик же контракттык каражатттардын эсебинен окуу жайынын мүмкүнчүлүгүнө жараша университет тарабынан төлөнүп берилет. Келишим менен окуган студенттердин практикасынын чыгымдары окуу төлөмүнө кошулат;
- эгерде студенттер Ош областынын алыскы райондорунун мектептерине 7 ден кем эмес практикага чыкканда, практика жетекчилеринин командировкалык чыгымдары окуу жайы тарабынан жалпы негизде төлөнөт;
- группалык жана факультеттик жетекчиликтер үчүн нормага ылайык ажыратылган сааттар мугалимдин жылдык жүктөмүнө кошулат.

**Практика боюнча сааттардын пландаштырылышы**
**(Ош МУ №6 бюллетень)**

| № | Жумушт. түрү | Убакыт өлчөмү | Эскертүү | |
|---|---|---|---|---|
| **15** | **Педагогикалык практика** | **Күнүнө ар бир тайпачага жетекчилик үчүн 6 саат [2, 225-бет]** | **1 студентке 1 жумага жетекчилик үчүн 3 саат.** | |
| **Жетекчилер** | | **1 жума** | **6 жума** | **7 жума** |
| **ЖОЖдогу жетекчилерге (1 студ. бөлүн. жалпы саат)** | | **3 саат** | **18 саат** | **21 саат** |
| **1)** | **Методист-окутуучуга** | **2,3 саат** | **14 саат** | **16 саат** |
| **2)** | **Педагог-окутуучуга** | **0,5 саат** | **3 саат** | **3,5 саат** |
| **3)** | **Психолог-окутуучуга** | **0,2 саат** | **1 саат** | **1,5 саат** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мектептеги жетекчилерге (1 студ. бөлүн. жалпы саат)** | | **1,5 саат** | | **9 саат** | | **10,5 саат** |
| **1)** | **Предметтик-мугалимге** | **1 саат** | | **6 саат** | | **7 саат** |
| **2)** | **Класс жетекчиге** | **0,25 саат** | | **1,5 саат** | | **2 саат** |
| **3)** | **Тарбия ишин уюшт.** | **0,08 саат** | | **0,5 саат** | | **0,5 саат** |
| **4)** | **Окуу завучуна** | **0,08 саат** | | **0,5 саат** | | **0,5 саат** |
| **3)** | **Мект. директоруна** | **0,08 саат** | | **0,5 саат** | | **0,5 саат** |
| **16** | **Талаа практикасы** | **Күнүнө ар бир тайпага жетекчилик үчүн 6 саат** | | **1 студентке 1 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат.** | | |
| **Жетекчилер** | | **1 жума** | **2 жума** | **4 жума** | **6 жума** | **7 жума** |
| **1 студ. бөлүн. жалпы саат** | | **1,5 саат** | **3 саат** | **6 саат** | **9 саат** | **10,5 саат** |
| **1)** | **ЖОЖдогу жетекчиге** | **1,5 саат** | **3 саат** | **6 саат** | **9 саат** | **10,5 саат** |
| **2)** | **Өндүрүштөгү жетекчиге** | | **1,5 саат** | **3 саат** | **4,5 саат** | **5 саат** |
| **17** | **Өндүрүштүк практика** | **Күнүнө ар бир тайпага жетекчилик үчүн 6 саат [2, 225-бет]** | | **1 студентке 1 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат.** | | |
| **Жетекчилерге** | | **2 жума** | **4 жума** | | **6 жума** | |
| **1 студ. бөлүн. жалпы саат** | | **3 саат** | **6 саат** | | **9 саат** | |
| **1)** | **ЖОЖдогу жетекчиге** | **3 саат** | **6 саат** | | **9 саат** | |
| **2)** | **Өндүрүштөгү жетекчиге** | **3 саат** | **6 саат** | | **9 саат** | |
| **18** | **Диплом алдындагы практика** | **Күнүнө ар бир тайпага жетекчилик үчүн 3 саат** | | **1 студентке 2 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат.** | | |
| **Жетекчилерге** | | **2 жума** | **4 жума** | | **6 жума** | |
| **1)** | **ЖОЖдогу жетекчиге** | **1,5 саат** | **3 саат** | | **4,5 саат** | |
| **19** | **Таанышуу (педпрактика), фольклордук, музей ж.б. практикалары** | **Күнүнө ар бир тайпага жетекчилик үчүн 3 саат [2, 225-бет]** | | **1 студентке 2 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат.** | | |
| **Жетекчилерге** | | **2 жума** | **4 жума** | | **6 жума** | |
| **1 студ. бөлүн. жалпы саат** | | **1,5 саат** | **3 саат** | | **4,5 саат** | |
| **1)** | **ЖОЖдогу жетекчиге** | **1 саат** | **2 саат** | | **3 саат** | |
| **2)** | **Өндүрүшт. жетекчиге** | **0,5 саат** | **1 саат** | | **1,5 саат** | |
| № | Жумушт. түрү | Убакыт өлчөмү | | Эскертүү | | |
| **20** | **Магистрлердин бүтүрүү квалифик. иштерине жетекчилик жана рецензирлөө** | **Ар бир бүтүрүү ишине - 34 саат** | | **Жетекчиге - 32 саат, рецензентке – 2 саат.** | | |
| | | **Магистрлердин бүтүрүү квалиф. ишт. жетекч. кылуу** | | | | |
| | | **Профессорлорго, илимдин докторлоруна** | | | **6 студентке ч.** | |
| | | **Доценттерге, илимдин кандидаттарына** | | | **4 студентке ч.** | |

1-эскертүү. **Эгерде практиканы жетектөө үчүн күнүнө 1 тайпачага 6 саат бөлүнсө, анда 1 тайпачага 1 жума жетекчилик үчүн 6 саат х 6 күн = 36 саат бөлүнүшү керек. Демек, 1 студентке 1 жума жетекчилик үчүн 36/12 ≈ 3 саат бөлүнөт. Анда 1 студентке 1 жума жетекчилик үчүн 6 саат, 4 жума үчүн – 12 саат, 6 жума үчүн – 18 саат, 7 жума үчүн – 21 саат болот.**

2-эскертүү. **Эгерде практиканы жетектөө үчүн күнүнө 1 тайпага 3 саат бөлүнсө, анда 1 тайпага жетекчилик үчүн 1 жумага 1 тайпага 3 саат х 6 күн = 18 саат бөлүнүшү керек. Ошондуктан, 1 студентке 2 жума жетекчилик үчүн 36/25 ≈ 1,5 саат бөлүнөт. Анда 1 студентке 4 жума жетекчилик үчүн 3 саат, 6 жума үчүн – 4,5 саат пландоого болот.**

**3-эскертүү. Педагогикалык коллеждин практикасынын окуу жүктөмдөрү № 6-бюллетендин 15-пунктундагыдай, ал эми бакалаврдагы окуу-талаа ж.б. практикалар 19-пунктундагыдай пландаштырылат.**

**4-эскертүү.** Эгерде сырттан окуган студенттер адистиги боюнча иштесе, анда алар практика боюнча отчетторун жана тиешелүү документтерин бүтүрүүчү кафедранын буйрук боюнча жетектеген окутуучусуна тапшырат. Бул учурда жетекчиге 1 студент үчүн 1 саат окуу жүктөмү жазылат. Эгерде сырттан окуган студенттер адистиги боюнча иштебесе, анда алар күндүзгү бөлүмдүн студенттери менен кошо практикага чыгышат жана окуу жүктөмдөрү күндүзгү бөлүмдөгүдөй бөлүнөт. Ош областынын алыскы райондоруна 7 студенттен кем болбогон группага уруксат берилет, окуу жүктөмү толук пландаштырылат жана методисттерге тийиштүү акча каражаты мыйзам чегинде төлөнүп берилет ( күндүзгү жана сырткы бөлүм).

## Колдонулган адабияттар:


1. КРнын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамы, Б-2003.
2. КРнын "Мугалимдин статусу жөнүндөгү" Мыйзамы. Б-2001.
3. Сборник государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования Часть 3 Б. 2003.
4. Сборник нормативно-правовых актов в области образования Кыргызской Республики Сост.: Б.Х. Кубаев, Ш.Ж. Джусенбаев, К.Д. Добаев и др.: Вып. 1 –Б.: Просвещение, 2004г.
5. Сборник нормативно-правовых актов в области образования Кыргызской Республики Сост.: Б.Х. Кубаев, Ш.Ж. Джусенбаев, К.Д. Добаев и др.: Вып.2 –Б.: Просвещение, 2004г.
6. Жогорку кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик билим берүүчүлүк стандарты 550000-педагогикалык багыт. Б.2015. (Министрликтин 15-сентябрь 2015-ж. №11791 буйругу менен бекилген).
7. Инструкция по педагогической практике студентов государственных университетов Бюллетень №8 Министерства высшего и среднего специального образования СССР, 1986
8. Ош мамлекеттик университетинин Уставы. Ош-2004
9. Ош мамлекеттик университетин 2019-2024- жылдары өнүктүрүү КОНЦЕПЦИЯСЫ - 2019 ж.
10. Ош мамлекеттик университетинин №6 -бюллетени. Ош-2011
11. Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин педагогикалык практикаларын өткөрүү боюнча ЖОБО- 2013-ж.
12. Бакалавр окуу формасындагы студенттердин педагогикалык (адаптациялык-педагогикалык, кесиптик-базалык, кесиптик-профилдик) практиканын программасы. Ош. 2015.
13. Ош мамлекеттик университетинин №22-бюллетени. ОшМУнун дистанттык билим берүү системасы (ДБС) жөнүндө Жобо. Ош-2012-ж.